**Н.Рахманов атындагы орто мектебинин 2021-2022-окуу жылындагы**

**тарбиялык иштердин анализи**

Мектеп төмөнкү тарбия иштеринин программасынын негизинде тарбиялоо иштерин жүргүздү.

*Жаратылыш адамды жаратат,*
*бирок аны коом өнүктүрөт жана түзөйт.*
*В. Г. Белинский*

Максаты: Окуучулардын инсандык калыптануусу, чыгармачылык, интеллектуалдык өнүгүүсүнө шарт түзүү, өзүн-өзү башкаруу принциптеринин негизинде социалдаштыруу көндүмдөрүнө ээ кылуу.

Милдеттери:

Тарбия процессине ар бир окуучуну тартуу;

Окуучулардын өз алдынчалуулугун, жоопкерчилигин, чыгармачылыгын арттыруу;

Окуучунун ден соолугунун физикалык өнүгүп-өсүүсүн калыптандыруу;

Ар бир окуучуга «ийгилик» ситуациясын түзүү;

Окуучуларды окутууда жана тарбиялоодо жетишкендиктерге жетишүү үчүн мугалимдердин педагогикалык жана профессионалдык маданиятынын деңгээлин жогорулатуу.

Тарбия иштеринин багыттары:

1.Нравалык тарбиялоо

2.Эстетикалык тарбиялоо

3.Эмгекке тарбиялоо

4.Ден соолукту чыңдоо

5.Патриоттуулукка тарбиялоо

6.Окуучулдардын өзүн -өзү башкаруу уюмун өркүндөтүү

7.Укук бузууларды алдын алуу, укуктук тарбиялоо

8.Кесипке багыт берүү

9.Окуучуларга социалдык жардам көрсөтүү

Мына ушул программанын жана тарбиялык багыттардын негизинде тарбиялык иштер жүргүзүлдү. Ошошдой эле быйылкы окуу жылында жаңы номенклатура менен тарбиялык пландар жаңыртылып түзүлдү. Алсак мектептин педагогикалык –социалдык паспорту түзүлдү. Андан тышкары мектептин алдын алуу кенешинин, ата-энелер кеңешинин, класс жетекчилердин усулдук бирикмесинин кеңешинин пландары , жылдык план жаңыртылып, түзүлдү. Мектепте “Жеткинчек” өзүн-өзү башкаруу уюму иш планы, “МЖЖ” отрядынын иш планы, жолдо жүрүүнүн эрежелерин (ЖЖЭ) жана жол кырсыктарынын жабыркоосунан алдын алуу боюнча жылдык план, кыздар кеңешинин планы түзүлдү, ар бир айдын айлык пландары түзүлүп, бекитилди.Түзүлгөн пландын негизинде иштер жүргүзүлүүдө.

Сентябрь айында календардык пландын негизинде Билим күнүнө карата жана Ч.Айтматовдун 90 жылдыгына карата 1-11-класстарда кл.жетекчилер тарабынан тарбиялык сааттар даярдалып, жакшы сабактар өтүлдү.

Сентябрь айында «Көнүл бургула, балдар» акциясынын бир айлыгынын планы түзүлүп, ошонун негизинде тарбиялык иштер жүргүзүлдү.

Класстык бурчтар жаңыртылып, түзүлдү. О.э. коопсуздук бурчу, ден соолук бурчу уюштурулган. Мектептин дежурствосу уюштурулду. Кружок иштери уюштурулду. Мектепте 2 кружок иштеп жатат. Алар; “Чебер колдор” , “Шахмат” кружогу. Бардыгы кружокко 40 окуучу катышып жатат.

Балдар уюмунун шайлоосу өткөрүлүп, мектептин президентине 11-класстын окуучусу Маратбек уулу Нурсултан шайланды. Министрлер шайланып, иш пландары иштелип чыгып, ошонун негизинде ар бир министр өз иштерин аткарышууда.

Мектепте “Милициянын жаш жардамчысы ”, “Жолдо жүрүүнүн жаш инспектору” отряддары түзүлгөн, алар да бекитилген пландын негизинде иштерди жүргүзүп жатышат.

Укуктук тарбия берүү декадасына карата иш пландын негизинде көптөгөн тарбиялык иштер жүргүзүлдү. Алдын алуу кеңешмеси өткөрүлүп анда жаңы курамы бекитилди. Тарбиясы оор балдардын иши каралып , 3 окуучу мектептин учётуна алынды. Ага карата иш пландар иштелип чыгып, байкоо күндөлүгү уюштурулду.

Андан башка өрт коопсуздугу жана техникалык коопсуздук эрежелер боюнча инструктаждар өткөрүлүп, бардык окуучулар журналга кол коюп чыгышты.

Ай сайын санитарлык-агартуучу иш чараларды өткөрүлүп турат. Сан бюллетень чыгарып турат.

Жумалык дежурство уюштурулган. Ар жума сайын мектептин линейкасы өткөрүлүп турат, анда тартип бузган, сабакка кечиккен, сабакты себепсиз көп калтырган балдар такталып, аларды уяткарып “Чалкан” стендине аты- жөндөрү жазылып турат.

Ай сайын окуу китептеринин абалы, күндөлүктөрдүн толтурулушу, сабакка катышуу, форма боюнча рейд өткөрүлүп турат.

Даталуу күндөргө карата майрамдык кечелер, салтанаттуу иш-чаралар өткөрүлүп турат. Мисалы: 23-сентябрь күнү кыргыз тили майрамын 30 жылдыгына карата эң жакшы деңгээлде кыргыз тили мугалими Жаманкулова С. даярданып өткөрдү.






Октябрь айында календардык пландын негизинде «Мугалимдер күнү», майрамы өткөрүлүп Балдар уюму мугалимдерди куттуктапты. Куттуктоо дубал газеталары чыгарылды.

«Алтын күз» майрамы да атайын түзүлгөн программанын негизинде өткөрүлдү. Окуучулар абдан мыкты даярданышты





Экологиялык тарбия берүү максатында ар бир класста экологияны коргоо боюнча тарбиялык сааттар өткөрүлдү. Экология министри менен бирдикте «Эң жашыл класс» деген конкурс жарыяланды.

Мектепте ноябрь айы атуулдук тарбия берүү айына карата башталгыч класстарда «Мекеним-Кыргызстан» деген темада тарбиялык сааттар өтүлдү. 5-6-класстарда «Мен Кыргызстандын атуулумун», «Кыргызстандын тарыхый эстеликтери» аттуу тарбиялык сааттар өтүлдү. 8-11-класстар арасында «Толлеранттуулукту мен кандайча түшүнөм» деген аталышта тарбиялык сааттар өтүлдү.

Декабрь айы нравалык жана эстетикалык тарбия берүү жана ЗОЖ (жашоонун сергек мүнөзү) айлыгы. Бул айдын алгачкы биринчи күнү, т.а. 1-декабрь СПИДке каршы күнүнө карата 9-11-класстар арасында иш-чара болуп өттү. Алсак, СПИД тууралуу презентация көрсөтүлдү, «Өзүңдү өзүң корго» деген темада тренинг өттү, сценкалар көрсөтүлдү, ар кандай аталышта лозунгдар көрсөтүлдү, акырында видиотасмалар көрсөтүлүп , ар кандай ойлор, пикирлер менен иш-чара жыйынтыкталды. Стенд даярдалып илинди. Класстарда тазалык бурчтары жана аптечкалар уюштурулду. Ар бир класста сан бюллетендер чыгарылды.





Жаны жылдык балаты майрамы да жогорку деңгээлде өттү.

2018-2019-окуу жылынын 2-жарым жылдыктын башында пландар каралып чыгып, толукталып бекитилди. Январь айы – укуктук тарбия берүү айлыгы. Бул айлыкта балдардын укуктары жана милдеттери жөнүндө окуучуларга кеңири маалымат берүү, түшүндүрүү иштерин жүргүзүү негизги максат катары коюлган.

Ушул максатта кылмыштуулуктун алдын алууга карата «Өспүрүмдөрдүн мыйзам алдындагы жоопкерчилиги » деген темада 5-11-класстар арасында чоң иш-чара өткөрүлдү. Иш –чарада кылмыштуулуктун себептери, аларды алдын алууга карата слайддар көргөзүлдү. О.э. окуучулар КР укуктук, административдик жана жарандык мыйзамдары менен бузууда кандай чаралар колдоноорун өзүлөрү сценкалаштырып аткарып беришти.




Ар бир класста «Өзүңдү коргой бил» деген аталышта тарбиялык сааттар өтүлдү. Профилактикалык кеңешменин жыйыны өтүлдү. ИДН өкүлдөрү келишип жолугушуу өткөрүшүп, мектеп ичиндеги рекетчилик , тартип бузуучулук жөнүндө профилактикалык аңгемелешүү өткөрүштү. О.э мектеп тартибин бузган балдарды мектептин «Тобокел тобуна» учетко алуу боюнча профилактикалык кенешме чечим чыгарды.Тартип бузган окуучулардын ата-энелери менен чогулуш өткөрүлдү. Ошондой эле администрация тарабынан «Үй-бүлө» рейди жүргүзүлдү.

Ден соолук күнү уюштурулуп, 28-январь күнү «Кышкы оюндар» болуп өттү. Анда 5-11-кл окуучулары 3 командага бөлүнүп ар кандай эстафеталарды өткөрүштү, аркан тартышты. Аягында балдар тоого барып муз тээп жарышты. Бул күн абдан ден соолукка пайдалуу жана көңүлдүү өттү. Иш чарага бардыгы 62 окуучу катышты.






Башталгыч класстар арасында да “Кар киши” конкурсу өткөрүлдү. Анда 1-4-кл окуучулары кар киши жасап жарышты.Бардыгы 82 окуучу катышты.





15- февралга карата мектепке “Ооганстан жүрөктөгү дарт”  аттуу эрдик сабактары өткөрүлдү. Афган согушу тууралуу слайддар, видеофильмдер көргөзүлдү.

21-февраль «Эне тил» күнүнө карата «Тилим менен улутмун» деген темада адабий –музыкалык кече болуп өттү. Кече ар бир класска бөлүнүп берилген программанын негизинде өттү. Кечеде эне тилибиздин тарыхынан баштап, азыркы учурдагы абалы тууралуу чакан инсценировкалар көрсөтүлүп, тил жөнүндө көркөм окуулар макалдар, акыйнек , Манас эпосунан үзүндүлөр айтылды жана улуттук бий менен коштолду. Кече слайд менен коштолуп, кыргыз тилинин азыркы абалы тууралуу видеороликтер көргөзүлдү. Андан тышкары ар бир класста төмөнкү темадагы класстык саатар өткөрүлдү: 1-4класстарда “Эне тилим –эне сүтүм”, 5-класста“Эне тилим – ыйыгым”, 6-класста “Эне тилин даңктайбыз”, 7-класста “Тилибиз-тирегибиз” 8-9класстарда “Мамлекеттик тил-ынтымактын тиреги”, 10-11-класстарда “ Мамлекеттик тилдин-келечеги жаштарда”

23-февраль Ата Мекенди коргоочулар күнүнө карата төмөнкүдөй иш-чаралар өткөрүлдү: дубал газеталардын конкурсу; 1-11-класстар арасында тарбиялык сааттар , 5-11-класстар арасында “Кана эмесе жигиттер” аттуу конкурс өткөрүлдү. Мелдештин жеңүүчүлөрү болуп 11-класстын окуучулары табылды.





Март айы – саясий-мадания тарбия берүү айлыгы. Март айынын үчүндө КРнын туусунун күнүнө карата жана 5-март «Ак калпак» күнүнө карата салтанаттуу линейка болуп өттү. КРнын туусунун жаралышы, түзүлүшү тууралуу түшүнүктөр айтылды, көркөм окуулар окулду. Кыргызстан жөнүндө обондуу ырлар ырдалды.Слайддар көргөзүлдү. Ак калпак тууралуу флешмоб бийлешти. Майрамдан кийин Чоң-Жар айылында ак калпак менен КР туусун даңазалаган жүрүш өткөрдүк.







8-март аялдардын эл аралык күнүнө карата кыздыр арасында «Кызга кырк өнөр аздык кылат» аттуу конкурсу болуп өттү. 5-11класстардын кыздары катышышып, өзүлөрүнүн өнөрлөрүн көрсөтө алышты. 10-класстын командасы жеңишке ээ болушту.

Саясий-маданий тарбия берүү боюнча тематикалык кл.сааттар өтүлдү. Алсак, «Жаратылыш – жан досум», «Кыргызстан көп улуттуу мамлекет», «Кыргызстандын

келечеги жаштарда», ошондой эле «Нооруз- 2022» майрамдык салтанат быйылкы окуу жылында “Көчмөндөр оюндары” менен коштолду. “Көчмөндөр оюндарынын ” ачылыш жана жабылыш аземи болду. Майрамдын аягында жеңүүчүлөргө грамоталар тапшырылды.

Апрель айы – эстетикалык, экологиялык тарбия берүү айлыгы. Апрель айы мектептин тегерегин жашылдандыруу, көрктөндүрүү, тазалап иретке келтирүү менен башталды. «Бак тик, бат тик» деген чакырыктын негизинде ар бир класс класс ичин, мектептин айланасын жашылдандыруу аракетин көрүштү.

Ден соолуктун бүткүл дүйнөлүк күнүнө карата «Тазалык акциясы» жүргүзүлдү. Бул иш-чараны мектеп парламентиндеги саламаттыкты сактоо министри жүргүздү. Ар бир класска ар кандай жугуштуу оорулардан сак болууга, өзүн-өзү таза алып жүрүүгө үндөгөн ар кандай дисктерди көрсөттү. Класстарга кирип аңгемелешүүлөрдү уюштуруп бөлүшүп, пикир алмашты.

Ошондой эле«Китеп жумалыгы» жүрдү. Жумалыкта 1-11-класстар боюнча «Абалың кандай китеп?» аттуу рейд жүргүзулдү.Жумалыктын аягында «Китеп майрамы» уюштурулду. Майрамда ар бир класс чыгармалардан үзүндүлөрдү аткарышты. Китеп жөнүндө көркөм окуулар айтылды.

Мындан тышкары «Спорт жумалыгы» да болуп өттү. Граждандык коргонуу күнү өтүлдү. Бул иш-чараны мектеп администрациясы, дене тарбия мугалими жана мектеп парламенти өткөрүштү.

Май айы – кесипке багытоо жана патриоттук тарбия берүү айлыгы. Бул айда 9-май Жеңиш күнүнө карата мектепте атайын бекитилген пландын негизинде төмөнкүдөй иш чаралар жүргүзүлдү:

- Мектептин фойэсинде Улуу Женишке арналган бурч уюштурулду.
- Аскердик – патриоттук музыкалык ырлардын конкурсу өтүлдү.
- «Улуу Женишке салым кошкондор» темасында стенд уюштурулду.
- «Майданда жазылган ырлар» көркөм окуу конкурсу өткөрүлдү.
- «Улуу Женишке салют»,«Баатырлардын элеси түбөлүккө сакталат» аттуу дубал газеталар чыгарылды
- Тарбиялык сааттар өткөрүлдү: «Алар Ата Мекен үчүн салгылашкан» ,
- “Жер жүзү согушту каалабайт”, “Тылдагы эмгектер” ж.б. тарб.саат.
- Эмгек ардагерлери менен жолугушуу кечелер өткөрүлдү.
- Дил баяндар, рефераттар, дубал газеталар конкурстары өткөрүлдү.

- Улуу Женишке арналган адабий –музыкалык композиция өтүлдү. Анын аягында эстеликке таазим, гүл, венок коюу салтанаттуу аземи менен иш чара жыйынтыкталды.






Мындан тышкары балдардын жайкы эс алуусу боюнча малымат алуу кл. жетекчилерге жүктөлүп, ар бир класстын жайкы эс алуусу аныкталды. Эмгек практикасынын графиги түзүлүп, коопсуздук эрежелеринин инструктаждары менен тааныштырылды.Май айы бүтүрүүчүлөрдүн «Акыркы коңгуроо» салтанаты менен жыйынтыкталат.

Окуу жылынын аягы менен жылдын жыйынтыгы чыгарылып, кийинки 2022-2023-окуу жылына жаңы милдеттенмелер кабыл алынды:

1) Окуучуларды нравалык маданиятка, кыргыз элинини салттарын пайдаланып тарбия берүүгө жетишүү;

2) Улуттук этнопедагогиканын элементтери менен окуучуларга тарбия берүү;

3) Окуучуларга тарбия берүүдө ата-энелер, коомчулуктар менен бирдикте тыгыз байланыш түзүү;

4) Кылмыштуулуктун алдын алуу жана окуучулар менен профилактикалык иш-чараларды күчөтүү;

5) Окуучуларга кесиптик тарбия берүүнү активдештирүү;

6) Райондук жана областтык тарбиялык иш-чараларга активдүү катышуу;

Мектептин директору: Мамырканова Г.К.

Тарбия ишт. уюш.: Дюшенбаева С.Э.